**Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин мугалимдер жамаатынын чогулушунун №2 токтому**

**Ысык-Көл району** **Бостери айылы**
**2022 жыл 11-ноябрь**

**Катышты-82**
**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. Окуу жылынын 1-чейрегинин жыйынтыгы.
2. Предметтер боюнча класстан тышкаркы иштердин уюштурулушу.
3. Ички актыларын жөнгө салуу боюнча жоболорду бекитүү.

**Угулду:**

Белгиленген маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысыМамбетбаев М. төмөнкүлөргө токтолду: "Окуу жылынын башталышы 42 класс-комплект, 1109 окуучу менен башталды. 1-чейректин жыйынтыгында 1110 окуучу болду. Бардыгы 68 отличник, 207 ударник менен билим сапаты 32,5% түзгөн. Класстар боюнча токтоло кетсек:

| | |
|---|---|
| 3-а | 33% |
| 3-б | 26,3% |
| 3-г | 36,8% |
| 3-д | 16,7% |
| 4-а | 40% |
| 4-б | 26,7% |
| 4-г | 44,4% |
| 4-д | 30% |
| 5-а | 52,4 |
| 5-б | 28,6 |
| 5-г | 42,3 |

| | |
|---|---|
| 5-д | 40 |
| 6-а | 38,7 |
| 6-б | 41,4 |
| 6-г | 35,3 |
| 6-д | 34,6 |
| 7-а | 20 |
| 7-б | 26,3 |
| 7-г | 21,9 |
| 7-д | 23,1 |
| 8-а | 20 |
| 8-б | 33,3 |

| | |
|---|---|
| 8-г | 21,2 |
| 9-а | 26,5 |
| 9-б | 34,3 |
| 9-г | 10 |
| 9-д | 19 |
| 10-а | 42,1 |
| 10-б | 52 |
| 10-г | 42,3 |
| 11-а | 14,8 |
| 11-б | 16,7 |
| 11-г | 34,6 |

Эң төмөнкү билим сапаты 9-г классыныкы 10%, жогорку көрсөткүч 5-а класс 52,4% түзгөн.

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

1. Орус тил мугалими Жузупова Р.: "Мен 9-г класска сабак берем. Класстагы окуучулардын аракети жок. Тапшырманы аткарып келишпейт. Умул убакытка чейин дептерлерин араң чогултуп бүттүм. Быйыл экзамен бере турган класс."
2. Математика мугалими Шопокова Г. "Мен да сабак берем. Бул класстын балдары, параллель 9-д класстын балдары да сабакка начар даярданып келишет. Бул класстар менен ишти күчөтүшүбүз керек."

**Жогорудагыларды угуп белгиленген маселе боюнча төмөндөгүдөй чечим чыгат:**

Сканировано с CamScanner

ЧЕЧИМ

1. 2022-2023-окуу жылынын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча отчёт канааттандыраарлык деп табылсын жана кабыл алынсын.
2. Төмөнкү билим сапатын берген 9-г классынын окуучулары менен иштти күчөтүү жагы ар бир предметтик мугалимге тапшырылсын

Белгиленген экинчи маселе боюнча окуу завучу Мамбетбаев М. төмөнкүлөргө токтолду: "Быйылкы окуу жылында 13 лицей класс бар. Мектеп-лицейинде 13 ставка кружок предметтер боюнча бөлүнгөн: математика, физика, химия, биология, тарых, информатика, кыргыз тили, "Манас таануу" кружокторy. Бул кружоктор боюнча жүгүртмө түзүлгөн. Мугалимдер календардык пландын негизинде иш алып барышууда.

*Жарыш сөзго чыккандар:*

1. Математика усулдук бирикмесинин жетекчиси Турусбекова А.: "Математика боюнча ар бир мугалимде кружок бар. Мугалимдердин пландары түзүлгөн. Быйылкы окуу жылында башка окуу жылдардан айырмаланып PISAга даярдануу болууда. Ошондуктан кружок иштерин 5 класстан баштасак деген сунуш бар."
2. Информатика мугалими Капарова Ж.: "Информатика боюнча да кружок иштери жүрүп жатат. Заман талабына ылайык мугалимдер компьютердик технологияны билишибиз керек. Ошондуктан мугалимдерге да жардам берүүдөбүз."

ЧЕЧИМ

1. Лицей класстарында өтүп жаткан кружок иштеринин жүрүшүн канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Кружок мугалимдерине PISA тесттерине даярдоо жагы милдеттендирилсин.

Белгиленген үчүнчү маселе боюнча мектеп директору Атаев Б.С.: "Окуу жылынын башталышы менен бир нече жоболор кабыл алынган. Бул жоболор өзүбүздүн ишке пайдасы тие турган жоболор экенине 1-чейрек ичинде эле күбө болдук. Кабыл алынган жоболорго ылайык иштерди алып бара жатабыз. Бүгүнкү педагогикалык жыйында да төмөнкү жоболор менен таанышып, кабыл алалык.

1. Мектептин ички тартиби жөнүндө жобо
2. Мектеп парламенти жөнүндө жобо
3. Интеллектуалдык деңгээли жогору болгон окуучулар менен иштөө жобосу
4. Тартип комиссиясы жөнүндө жобо
5. Мектепке кабыл алуунун тартиби жөнүндө жобо
6. Математика сабагы боюнча олимпиада өткөрүү жөнүндө жобо
7. Нассатчылык жөнүндө жобо
8. Мектеп китепканасы жөнүндө жобо
9. Мектеп ичиндеги "Жыл мугалими" конкурсунун жобосу
10. Ата-энелер комитети жөнүндө жобо
11. Класс жетекчинин кызматтык нускамасы жөнүндө жобо
12. Билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндө жобо
13. Социалдык педагогдун кызматтык жобосу

Сканировано с CamScanner

Жарыш сөзгө чыккандар:

1. Социалдык усулдук бирикменин жетекчиси Акунова А. төмөнкүлөргө токтолду: "Биринчи кеңеште кабыл алынган жоболор менен иштеп баштадык.."
2. Биология мугалими Усубалиева Ж.: "Негизи атайын жобонун негизинде иштеген абдан туура деп ойлойм. Керектүү жоболор экен."

Белгиленген маселе боюнча төмөнкүдөй чечим чыгарылды.

ЧЕЧИМ

1. Мектептин ички актыларын жөнгө салуу боюнча жогоруда аталган жоболор кабыл алынсын.
2. Жоболор менен усулдук бирикмелерде тааныштыруу жагы усулдук бирикменин жетекчилерине милдеттендирилсин.
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы өзүмө калтырылсын.

Директор: Атаев Б.С.

Сканировано с CamScanner